# Цитрус шамы



Автор: Нурайым Шаршенбаева

Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

# Цитрус шамы

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Цитрус шамы" (кыргыз тилинде), автор Нурайым Шаршенбаева, сүрөтчү Эмилия Алахунова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бүгүн апамдын туулган күнү. Атам, апам жумуштан келгиче эжекем экөөбүз апама белек даярдайлы деп сүйлөштүк. Эжекем торт жасагыча мен апамдын эң жакшы көргөн салатын даярдай баштадым. Ага сабиз, бадыраң, помидор, болгар калемпири, редиска, капуста керек. Бадыраң, помидор, болгар калемпиринен экиден даана, редискадан 200 грамм жана капустанын төрттөн бир бөлүгүн жууп, тилке кылып туурадым. 1 даана сабизди тазалап, жууп, сүргүчтөн өткөрдүм. Баарын идиштин түбүн толугу менен жапкыдай ирети менен тилке-тилке кылып салдым. Майонезден куюп аралаштырдым. Бир заматта эң даамдуу салат даяр болду.

Андан соң тортко крем жасаганга жардам бердим. Крем жасаган эң оңой. Үй каймагына какао, шекер кошуп миксер менен чалдым. Эжем бышырган торттун коржуна крем сүйкөп, торттун үстүн шоколад менен кооздодук.

– Дилбар, биздин дасторконго бир нерсе жетпей жатат окшойт, ээ? – деди эжем.

– Билбейм, – дедим ийинимди куушуруп.

Экөөбүз ойлонуп калдык.

– И-и, таптым! – дедим кубанып. – Дасторконго гүл жана шам жетпей жатат.





Туулган күндө тортко шам күйгүзүп, үйлөчү эмес белек.

– Гүл короодо толтура. Апам келерде терип келип, татынакай кылып идишке салып коёбуз. Шам жок! – деди эжем капа болуп.

– Эжеке, өткөндө таежем шамды үйдөн жасаган. Укмуш жыттуу, кооз болчу. Биз деле жасап көрбөйлүбү, – деп сунуш киргиздим.

– Чын эле! – деди эжем кубанып. – Үйдө эски шамдын калдыктары бар. Ошолорду эле колдонобуз.

Эжем шам алып келгиче, жиптерди алып чыгып даярдап койдум.

– Жиптен шамга фитиль жасайбыз! – дедим кубанып.

– Табигый таза кебез керек. Синтетика тез күйөт, жагымсыз жыт чыгарат, – деди эжем.

– Мына, таза кебез!

– Кандай калыпка куябыз? – деп эжем ойлоно суроо берди.

Эжем экөөбүз шамга калып издей баштадык. Эң негизгиси, 100◦ С градусту көтөрө алган идиш керек. Биз сүт куюлган картон пакетти, йогурттун пластикалык чөйчөгүн, силикон калыптарды, кофенин калай идишин, айнек идиш алып чыктык.


Булар бизге жакпай турду. Мен идиште салынып турган жер-жемиштерди көрүп кубанып кеттим. – Эже, мандарин, апельсиндин кабыгына куялыбы? Жыттуу да, кооз да, өзгөчө да болот! – дедим жылмайып.

– Азаматсың! Туура айттың! Кана, апельсин, мандарин, лимондон бирден алып, ичин тазалап даярдай кал. Мен парафинди эритейин, –деди эжем.

Ал шамдын калдыктарын майдалап, жылуу суу куюлган идишке салып жай отко ысытты. Буу ваннасын жасаганча, мен цитрустарды даярдап койдум.

Жипти фитиль кылууга ылайыктап кестим. Эжем даяр болгон тунук парафинди куюп жатканда, ар бир цитруска ылайыктап жиптерди дал ортосунан абайлап кармап берип турдум. Ошентип шамдар да даяр болду. Бир аз муздагандан кийин муздаткычка салып койдук.





Апам, атам биздин даярдаган дасторконубузду көрүп абдан кубанышты.

Апамдын туулган күнү өзгөчө өттү. Дасторкондун көркүн эжем экөөбүз жасаган кооз, жыттуу шамдар ачып турду.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли